21
кырг
21

...Ш кызы



# Акылдан заман

Орозбү САТИШ кызы

# АКЫЛДАН ЗАМАН

ырлар

I-бөлүк

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 450892

СЕКТОР КРАЕВЕДЕНИЯ

ОШ 1992



*Мен толукмун, кулунумун „тоң" элдин,*
*Ата-тегим, карапайым жөн адам.*
*Мен кыргызмын, сөөгү таза, төрө элден,*
*Мен бир кызмын, күн нуруна жаралган,*

## ПИКИР

Оштук жаш акын Орозбү Сатиш кызынын ырлар жыйнагынын кол жазмасын окуп чыгып, төмөнкүдөй жыйынтыкка келдим. Биринчиден, автордо чыныгы табигый талант бар. Экинчиден, ал ыр жазуунун алгачкы баскычын басып өтүп, техника жагынан бир топ такшалып калган. Үчүнчүдөн, өз алдынча поэтикалык ой жүгүртүүгө, поэтикалык образ түзүүгө умтулат. Менимче, ушул шарттуу түрдө мен алып айтып жаткан үч касиетке ээ болгон адамдан үмүт этсе болот.

Орозбүнүн ырларын, мен, басма сөздөн окуп жүрөм. Аларда кыздар поэзиясына гана мүнөздүү ачыктык, назиктик жана романтика бар. Ошол эле сапаттарды сунуш кылынган жыйнактын кол жазмасынан да байкадым. «Ант», «Миң кыял көңүлүңө толо аламбы-», «Толгонуу», «Сүйүү отуң жалындасын», «Кол берүү», «Эркин тандоо»,

«Мен кайталап», «Коңгуроо майрамына» жана башка ырлары чыныгы поэтикалык эргүү менен жазылган. «Ант» деген ырында жаш автор минтип жазат:

Булуттан бешик жасап берейинчи,
Өзүңө таазим менен келейинчи.
Арчадан өмүр сурап көрөйүнчү,
Ырларым, эми унутам дебейинчи.

Жаңыча ойлонуп, жаңыча салыштыруу колдонулган бул саптар жылуу таасир калтырат. Деги эле ушул ыр, автордун программасына окшоп кетет. Мекенди сүйүү, жашоо кумары жана өмүр максаты поэзиянын тили менен берилген.

Албетте, башка ырларын да талдап, алардан куплеттерди келтирип отурсак болмок. Менимче, анын зарылдыгы жок. Жыйнакка кийирилип жаткан ырлардын басымдуу көпчүлүгү азыркы поэзияга коюлган талаптарга толук жооп берет.

**А. УРБАЕВ,**
**акын, Кыргыз Республикасынын**
**журналисттер кошунунун мүчөсү.**



## АКЫЛДАН ЗАМАН

Замандар, арыбаган кербен белем,
Закымдап, келберсинип дуулап өттүң.
Сарыгып түбөлүктөн келген белең,
Сыйына инсандардын «эсил» өктөм!

Жайрабас сепил курап келген, АДАМ,
Мелженбес кылымдардан кылымдарга.
Жаркырап жанат бийик жылдыз болуп,
жаз жыттуу, Биз жамыган жылым гана,

Гүлдөгөн турмуш жамал төктү, бүгүн
санжыра — атуулдук эрежеге,
Аркалап арылбаган өрттүн жүгүң,
жетилди АДАМЗАТЫ эресеге.

Балбылдап Чолпон болуп көктө жанган,
Бактыбыз ачыла бер, улам алдан.
Таалайлуу табийгаттын белеги — БИЗ,
Заманды акыл менен жасап алган!

## АККУУ КӨЛҮ

Көрүнөө көркөм өмүр сүрүү үчүн,
Көшүлгөн көл куралган тамчылардан.
Аккуулар ага сырдаш жүрүү үчүн,
Келишкен, каяктардан алчыланган.

...Көл куса көктө куусу эркелебей,
Куу жайсыз таң чубоосу эртелебей,
— Тийчи, Күн, суктанганды алакчылап,
Көрүнөөр коздукту «эрте» дебей.

## А Н Т

Ыйманым өкүмүнө башын ийип,
Ыраактап башка жакка бет алгамын.
Ырахат өзүң болуп бүткөн өңдүү
Ырларым сенден алыс кеталбадым.

Улугум буйругуна көңүл таяп,
Бейтааныш сапарына бет алгамын.
Муңайым улутунган сезимимден,
Удургуп сени таштап кеталбадым.

Бегимдин бекемдигин медер тутуп,
Бейтааныш сапарына бет алгамын.
Бейишин мага арнаган болсо дагы,
Берилип сендей сүйүп кеталбадым.



Жоогазын тегиз көзүн ачкан кезге,
Жолоочу изи менен жете албадым.
Жоодурап, мени күткөн ырларымсыз,
Жашоонун сыр-түйүнүн чече албадым.

Аңкыган атыр жыттуу төр жайлоого,
Адашкан жолум менен жете албадым.
Айоолуу наздуу үнүм, үнүн салбай,
Алсырап ара жолдон өтө албадым.

Ак шоола таң алдында жетелеген,
Ал үзүм жибин улап кетээр элем,
Агылып, ырларымдын керемети
Арылап, менден алыс кетээр белең.

Буралып, миң толгонуп, көңүл кыйнап,
Бурулуп, жүзүм жаап катылбады...
Буроолуу кыяк күүсүн үнсүз ойноп,
Булбулум сайрап таңды атырбады.

Булуттан бешик жасап берейинчи...
Өзүңө таазим менен келейинчи...
Арчадан өмүр сурап көрөйүнчү...
Ырларым, эми унутам дебейинчи...

## МИҢ КЫЯЛ КӨҢҮЛҮҢӨ ТОЛО АЛАМБЫ...

Мен—акын, көөнүңө көл, назик ыргак
Күүңө лира болуп бераламбы...

Мен — акын, чөлдөп-чаңкап турганыңда
Тоо суусун сага буруп келаламбы...

Мен — акын, чолпон жылдыз таң алдында
чолпумду үзүп сага келаламбы...
Мен—акын, жүйөө үнүм сага жагып,
дүйнөңө кошо жашап дем аламбы...

Мен — акын, тамашалуу айлуу түндө
таркабас кумар — сүйүүң бераламбы...
Мен — акын, торгой үндөп дастан айткан
тоюңа кешик алып келаламбы...

Мен — акын жоболоңдуу күрөштөрдө
жеңилбес сыйкыр жасап бераламбы...
Мен — акын, жүрөк безген кайгың барда
жүдөтпөй сени жандап келаламбы...

Мен — акын, санаа басса өзөк өрттөп
өчүрөөр бороон болуп келаламбы...
Мен — акын, жыргал күнүң—сайроонуна
жылгадан обон салып бераламбы...

Мен — акын, жигин улап Алыкулдун
акының кайра жасап бере аламбы...
Сага арнап, жакшы сөздүн тизмектерин
Түн катып, жылдыздардан тераламбы...



Мен — акын, шайыр-куунак кезегинде
шаңшыган колдо шумкар боло аламбы...
Мен — акын, сабалаган ырлар менен
Миң кыял көңүлүңө толо аламбы...

## АКЫН ЖАНА ГҮЛ

...гүлдөр назик жасалганды кийинип.
Ырларымды жазып кеттиң чийилип.
Суктандырган кызыгыңа тигилип,
...азгырыгың алагдымдан билинип.

Гүлдөр—сырлар, көңүл сылай өткөн жел,
Жан дүйнөмдүн ырахаты болдуңар,
Быйыл жазгы көк майсанга гана эмес,
бүгүн жазган ырларыма кондуңар.

Күз да келээр, кышта изиң табылбас
Кусалансам саптарымдан издээрмин,
Кубарсаң да кайыптыкка жалганып,
Кубулбастыр санжырада издериң.

Сөзүм сүрдөйт, үлбүр-кооз түрүңдөн
Табияттын барманына баш койгон,
Сапарымдан адашканда жазганым
Гүлдөр соол, казалымда жаш бойдон.

Бир өмүрдүн кайталанбайт, баралы
Биздин курак, күн талашып өтүүдө

— Берчи кана, таасириңден боёнуп,
ыр токуюн, түбөлүктүн көчүнө?

Аба жарган жытындан мас болоюн,
Кумарлануу, ырга келсин түнөккө,
**А сен болсо, ашыктардын алып өт,**
арзууларын жүрөктөрдөн жүрөккө.

## КЫЛЫМ КЕЗИП ӨТКӨН АКЫН

**Токтогулга**

Дубан жарып, кылым кезип эриген,
келет акын, кайберендин жолунда,
Закымдардын эпкининде сергиген,
келет акын ,өрүк комуз колунда.

Боз жамынган мейкиндикке сүңгүгөн,
келет караан, элесинен жазбаган,
Бозуп—аман, кээде карып, кээде «адам»
келе акын, кайнап, курчуп, азбаган.

Келет акын, мезгил өртүн аралап,
Күн күлкүсүн, Ай уйкусун издеген,
Келет акын, сөздүн кунун аркалап,
Адам баскан, акын баскан из менен.

## АКЫНДАРГА КЕНЕНДИК

— Акын болуу кыйынбы?—деп сурасаң.
— Оңой эле, талант—кошчу кыйлага,
Куюлушкан сөз мончогу—тубаса,
Акындарга Адам болуу кыйлада.



Акын жазат, жүрөк эмне самаса
Кеңдик менен тардыгына тараза
Калем учу сезимине багынат,
Кыялында таразага жараша.

— Акын болуу оңойбу деп, сурасаң
— Оңой эле, көңүл кушун таптаса.
Бала өстүрүү, ышкы сүрөө бирдей иш
Акындарга пейил зарыл, таптаза.

## ТАБЫНА КЕЛГЕН ТАЛАНТ

**Чыңгыз агайга**

Кутуңуз, Сиз кайкыган талант шаары
Кубанткан сизден башка далайларды,
Кыргызга ырыскылаш кылдыңыз бейм,
Дүйнөдө ага чоочун адамдарды.
   Таланттын талантына там беребиз,
   Аралап «Тоолор жана талааларды».

«Гүлсарат» эбак жерди тегеренди,
Кыйла ат Гүлсарыга тең келбеди,
«Жамила» төрүн ээлеп, дүйнө элинин,
Кыргыздан кешик чачты, себеленди.
   Тапканың жакпай калып окурманга
— Айтчы, агай,

   кайсының кана кимге жемеленди.
Толгонай күткөн бойдон калды жогун,
«Ак кеме» улантууда дале жолун,

Жоготту турмушунда караманча
А повесте,
жоготкон жок Орозкулдар мылтык, огун.

«Гезитчи Дзюйо» дон баштап алгач,
Кут болсун, романга жеткен колуң!

Таланттын гүлзары анык ачты гүлүн,
Дүйнө эли көптү күтөт, Сизден бүгүн,
Дүркүрөп, өскөй эле өзөгү бек
«Кылымдан да узак болгон жалгыз күнүң»

Жаңырды жер жүзүндө да бир талант
Кыргыздын үнү,—бул үн, сенин үнүң.

Таланттын кор тутпаган түйгөн бүрүн,
Ак жолтой Улуу талант чыкты түрүң,
АК БАТА арнайт, сага КЫРГЫЗ журтун,
Аңгемеңе берсин дешип, Манас сүрүн.

Калк сөзү: кезиккенин жетелей жүр,
өзүндөй көтөрчүүдөн элдин жүгүн.

Адамзат акылынын кыянатын.
Ааламдын тагдырынын «Кыяматын»
Агымга алдын- ала бердиң айтып,
Аркалап ойкүмөндүн кыяпатын.

Түшүнүп дүйнө коргоп алса болду,
Түгөнбөс тирүүлүктүн зияпатын.



## «КОҢГУРОО» МАЙРАМЫНА

«Балапандан, барчын болуп жетилип,
Чоң турмушка кадам шилтээр кезибиз,
Биз күтөлү акыркы коңгуроодо,
Бирге олтуруп кеңеш берип кетиңиз» —

Мен буркурап, көздөн жашым булактап,
Кетээрди ойлоп, ал чөйрөдөн ыраактап,
Керимсели, теребел, гүл жыттанган,
Кечээгимден алыш үчүн ырахат.

Колумдагы бапиктелүү коңгуроом.
Пейлим менен алсын дегем ырааттап.
Калтырганым эсиңдеби, бөбөгүм,
Сурабаймын, азыр да ага «ырахмат».

Салты алагой, коңгуроонун акыркы,
Тилек кошкон алыс менен жакынды,
Боортоктоп бел өрүшкө таянып,
Жетилипсиң чаңга салбай атыңды.

Сага жетти ал салтанат кезеги,
Кечип өтүп, кечмеликти кечээги,
Кечиктирбей сен бирөөгө бере кет,
кербен сапар ээрчий келсин эчени.

Элдин чеби алмаз заттан куралып,
Чубай бермек, сан муундар уланып,
«Коңгуроонун» кайталанма шарттары
Бергени ыйлап, алгандары кубанып.

Даркан шаар дарыянын нугунда
келечекке арзый карап туралык,
Мейли, бүгүн, ыйла кечээ мага окшоп,
кийинчерээк эскерээрсиң уялып.

## ДЫЙКАН АТАНЫН НАСААТЫ

— Балам, сенин тилештешмин оюңа,
Жолтоолукту каалабаймын жолуңа.
Табийгаттан энчи-ордуңду издей бер.
Жетик болсоң, тагдырың өз колуңда.

Болом— дейсиң, — чоң илимпоз окурман,
Атаң болсо, китепти аз окуган,
Ал-күчүңдү өзүң чендеп, өзүң бил,
Энең кейпи, тиги... ийикте отурган.

Боло жүргөн айлар учат, жыл өтөт,
Тээ... алдыда кимди кандай жүз күтөт.
Кайда жүрсөң, ким болсоң да АДАМ бол,
...ушул, балам, атаң айтаар сөз бүтөт.

## КУРБУЛАРГА

«Сактасаң да, айырсаң да күндөр өтөт,
Сагынышат, кийинчерээк асыл жүрөк.
Сарамжалдуу сакталат го, деген ойдо
Сунулат, жаш курбуңдан ушул сүрөт»



Эң акыркы сүрөт эле... калган эмес,
Ырым жазып, кошо бергем, жалган эмес.
Бүгүн таркап чачылып, мезгил кечип,
Бул алыстык, биз үчүн арман эмес.

Асыралып курбулук калган элес,
Азынаган сүйүү бар ал гана эмес,
Азоо-түлүк турмуштун чабытында
Ажырашып, жүрүү — бул, арман эмес.

Сапар чегип, бел ашып жана белес,
Жан аяшпас, жалгыздап данек жебес.
Жазы—жыргал өмүрдүн өспүрүмүн
Жаңы күндөр жеришип, калеттебес.

Ажары нур, жүзү гүл андагы элес...
Бул өңүбүз өзгөргөн кардал эмес,
Азабы аксыз, салдары азат берген
Азып кеткен ал өмүр арман эмес.

Өкчөм көөн жайгарчуу... кайра келбес,
Өз кезинде өрт сымал... кайран элес,
Өзүбүздөн өзүбүз таппай калган
Өткөн сыйкыр ал учура рман эмес.

Маез мүнөз, жибек наз — жумшак кебез,
Жалоорушуп аяшчуу, берээр кеңеш,
Жазы маңдай жайдары жүздөрүңдү
Мен курбуңар унутуп келээр эмес.

Жылга тете шашылыш мүнөтүңөр,
Азыр кайда, каякта жүрөсүңөр,
Силер, кокус, жоготуп койсоңор да
Жүрөгүмдө силердин сүрөтүңөр.

## ТОЛГОНУУ

Келгин куштар жайдын үнү, коногу,
Жазда келип, күздө кеткен болобу?
**Мен үйүмдөн жылуу оорун берейин.**
**кетпе, куштар, кышта чогуу болобу.**

Жок, тыңдашпайт, кайкып барат кептерлер
Кайрылабы, кептер сымак кеткендер...
**Булар да, сагынуулар болобу,**
майыштырып, дилге таасир эткендер

Учуп барат, канат кагат аккуулар
белеги бар, барган жерге тартуулаар,
Белеги ошол: перенделик аруулук,
жарат албас, сыйкырлап да алдуулар

Канат серпет, көктө боюн керишет,
Алар сезбейт, сапар улай беришет.
...сен куштарга өксүбөчү, көңүлүм,
Көктөм жиреп, жазда кайра келишет.

## ЖЕР НАСААТЫ

Үн салат, жаңырыктап Жерим—талаам,
«Кыябың нарксыз элден эмес балам,



Кылымдап кыйлаларга калыс турам,
Не түркүн өттү бир топ жакшы-жаман.

Урпактар ээрчий улап, улуу салтын,
Уламыш нугу менен келет артың.
Улгайган улуулуктун шаң-шаанисИ,
Удургуп, алданбаган ага—баркың.

Жер — ыйык, калкың—улук, суусу—өмүр,
Жашап өт, ыраатын көр, ачкын көңүл,
Жыргалын Ата-Мекен, тууган элдин,
Туя бил, — Керек — десе чачыл-төгүл.

Тууган эл, туулган журт, ата-конуш
Милдетиң коргой жүрүү, сакчы болуш.
Алмашпа асманыма десе дагы,
**Өз жериң асманынан бийик конуш.**

Коломтодо от күйсө жылтыр жанып,
Туяк басса бооруман сергий калып.
Мен келемин, чалкайып бир орундан,
Адам уулу жерисе, өксүп—талып,

Жер сенин жаның эмес, Эмир эмес,
Жер — эне таңың эмес, жарың эмес.
Азгырып, кетсе башка сонун — кызык,
Ошондо, бут жетпеген эңсөө—элес.

Жер безип, жерин танып кетчүүлөрдөн,
Эң алдуу, акылдуунун тукумусуң,
Безүү эмес, карзың Мекен, ага-улуудан.
кыйындын кыйын иши кутулушуң.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 450892

## САГЫНУУ

Тоо бийик, тоодон дагы максат бийик,
Жер эгиз. Жерим сенсиң турган ийип,
Жеке мен, жер кусасын эмес тарткан.
Биз—шоона, а тууган жер, сен болсо ийик.

Кашкайган көк кашка суу жаштан тунук,
Түшүмдө кош колумдан аяк сунуп,
Бал даамың, салкын шарың черим жазып,
Мен чуркайм, суу жээктей алыс туруп.

Аярлай тулпар өтчүү камчы алдырбай,
Сары жайлоо—жашыл өзөн, тар капчыгай,
Асылың алыстыкта азап болуп,
Айлымды сурай берем кайырчыдай.

Айлантып көл кылаасын тиктейм, кана,
Азыгым Ата-Журтум дартка даба.
Ала-Тоо алачыктай кар жамынган
Алыстан таанып алчуу өзүм гана.

Өзөккө өл өрүштөн агып келип,
Өткөнсүйт, турпатымды көзөп, желип,
Өчүрбөй үмүтүмдү колдоп-коштоп,
Өзүңсүң сагындырган бүгүн келип.

Тобуру карагайдын очокко азык,
Мандалак чокко көмчүү, жерден казып,
...алма шак ак көйнөгүм жыртып салып,
Азыр мен бүтө албаймын, аны жазып.



Кемеге... чоң казанда ташыган сүт,
Кереге... түтүн кетпес, кетпесин түк.
Керилген кыргызымдын кер тоосунда
керимсел жытың сакта, келемин, күт!

## МОСКВА ДАРЫЯСЫНА

Кайдыгер абал көңүлдүн муңун,
Кусалык баскан сезимдин ырын,
Кастарлап айткан ызасын кайгым
Калтырбай уккан дарыя-сырым.

Жылдыздуу кечте тапталат жээгиң,
Алыста калган сагынып жерим,
Айталбас кыял адамга чечип,
Ачылды сага дарыям, менин.

Мен элем мында конок бир келгин
Койнунан учкан кең пейил элдин,
Жоктогон айлым капалуу күндө
Сергите аяр саламың бердиң.

Күүгүмдөп барат, күн баткан эбак,
Кирпигим жашым салаалап тарап,
Дүпөйүл ойдон арылам азга
Кылаасын жээгиң кызыга карап.

Жымындап желден жүрөгүм сылап,
Толкундар чуркайт, кеме изин улап,

Тиктешип мейкин бетиңе чачам.
Ызалуу сагынч көңүлдөн кулап.

Аргасыз учур жакшылык самап,
Ак толкун ойну тениңе тарап,
«Тоолугум эрке көнөөрсүң» деген
Өңдөндүң аруу айрөктөй карап.

Билбеймин дале көндүмбү, жокпу
Эскерсе энсейт, көңүлдүн оту,
Чачырап чогун өчүрдүң өзүң
Чагылган ойдун адилет соту.

Кубанчым менен кейишке жарыш,
Алмашкан өзүн айлыма алыс.
Адамдык сырым, аруулап кумга
Тереңге каткан дарыям, калыс.

Кайдыгер абал көңүлдүн муңун,
Кусалык баскан сезимдин ырын,
Кастарлап уккан ызасын, кайгым.
Карааны байыр дарыя — сырым.

## Ж А Ш Т Ы К

Жашчылык — өмүр гүлү, өмүр кызык,
Жазылуу пейили кең илеби ысык,
Жалтайлап жаа огунан тайбаган кез,
жүрөгү — өрт, жүзү көркөм, жүйөө ысып.



Жакшы учур доору сулуу, чөйрө кенен,
«Жаш кезде өзү бүтөт жумуш деген»,
**Аргымак азуусунан мончок тизип,**
азоого чалма чалаар кубат белен.

Азамат—айбалтадан жанган жалын,
Аруу жан бир жасанып алган чагың,
Алаамат кайратынан деңиз бөгөп.
Алаамды чарк айлантаар абал барың.

Өзүнө өчпөс элес алган Айдан,
Өлбөстүн көшөгөсүн түргөн-жайган,
**Өзөккө алтын түркүк азат таяп,**
Өмүрдүн көктөмүнө сайма сайган.

**Арстандын айбатынан жаалын алган,**
Акылдын булагынан суусун канган,
Ариет, назиктиктен кейип кийип,
**Ал—курак, тең келбеген чын да жалган.**

## МЕН КАЙТАЛАП

Серпилтип, желге желпип саамай чачым,
Гүлзарда шибер кечип ойногомун,
**Жазыксыз каткырыкка маңдай жарып,**
ал кезим түбөлүк деп ойлогомун.

Мөлтүр көз булак суусун үй жанында,
«Кымыз» — деп оюн тоюн тойлогомун,

Кубалап көпөлөктү жылгалардан,
Тоо суусун жыланайлак бойлогомун.

Ак боз үй, апам сайган саймаларын,
Ак боз ат, мамыдагы байлоолорун,
Азыр да көз алдымдан элес чубайт,
Ала-Тоого өр тарткан жайлоолоруң.

Күү бышкан жеңелерди этектеген,
Чоң-ата устуканын тоё жеген,
...ошол кез, ошол тентек ирмем өмүр,
Эртеңи бүгүнкүдөй болот деген.

Элечек, апа кийген эне белги,
Салмактап көзүмдөн жаш ирмегемин,
Кезинде жеңил кармап серпип коюп,
Керилип кийээримди билбегемин.

Ак калпак аял жээк кармаганын,
Кер мурут кыргызыма арнаганын,
Ал кезде караманча туйбасам да,
Мага салт, бүгүн аны карманаарым.
Жомогун очок жандай чоң-эненин,
Бөрү ичик ороосунда тыңшагамын,
Билбегем, ал жомокту мен кайталап,
Андагы бейтааньшка тыңшалаарын.



## МЕН — МИҢМИН, МИЛЛИОНДУН БИРИМИН

Менин үйүм,
менин турак-конушум, ал — мен.
Менин күүм,
мен кайырган добушуң, ал — мен.

Менин үнүм, закымдардан жаңырса,
ал — мен.
Менин күнүм, издеримден табылса,
ал — мен.

Менин көлмөм, көз арттырган балыгы,
ал — мен.
Менин күлкүм, жазыктуусу, кабылы,—
ал — мен.

Менин күчүм, күчтөн тапкан убайым,
ал — мен.
Менин гүлүм — гүлдөп турган убагым,
ал — мен.

Менин жүзүм күлөбагып жүрө алган,
ал — мен.
Менин таңым күн учугум улаган,
ал — мен.

Менин жүзүм күлөбагып жүрө алган,
ал — мен.
Менин жүзүм күлөбагып жүрө алган,
ал — мен.

Менин сырым — мен тургузган ыр сере,
ал — мен.
Менде үмүт-из жазбаган нур жебе,
ал — мен.

Менин ызам сыйбай ташкан буктуруп,
ал — мен.
Менде тагдыр, утуп, кээде уттуруп,
ал — мен.

Мендеги ойдун тайызы, же тереңи —
ал, мен.
Менде абалдын майези, же берени —
ал, мен.

Менин талаам, тар-кененим бере алган,
ал — мен.
Менде караан, араң жандуу дем алган,
ал — мен.

Мен досумун, достo калган элесим,
ал — мен.
Мен бийиктик, мен кынаган белесим,
ал — мен.

Менде — аалам, асманы, жер — бардыгы,
ал — мен.
Менде—калам, өмүрүмдүн жардыгы,
ал — мен.
Менде—теңдик, коргоно алган, катылган,
ал — мен.



Менде—кендик, баары сыйып, батырган —
ал, мен.
Мен катышкан жарыгында, иңирде —
ал, мен.
Менин өзүм миллиондун биринде, бар —
Мен!
...алар — менмин, мен — миңмин.

## БИЗ КАРЫБАС БОЛОБУЗ

«Карыдың» — деп айттың мени,
Мен жыйырма үч жаштамын,
Туура айтасың агып барат,
бала кезим, жаш чагым,

Бирок, менин эртеңим да, алдагым
Көкүл серпип эми салды таскагын,
Күтөйүнчү, мейли өтсүн курагым,
Мен карысам, кары көрбөйт «асманым».

Колдон алып күүлөп өзү, күч берет,
Талый түшсөм бүлбүл жанып илээлеп,
«Тур, турагой чалыкпа» деп эмитен,
Ойлуу жүзүм үмүт үйрүп имерет.

Барам дегдеп барам алга, максат да,
Кордугуна, ызасына кайылмын,
Эрте, кечпи жетсем жетээр чегине
Анда өмүрдү карылыктан айырдым.

**Биз жеткенче жаштыгына турмуштун,**
**Көбү уурдалаар жолдо күрөш кастыкка.**
Кан сапарда көрктүн учуп кеткенин,
Кыйбас элем, карылык деп пастыкка.

## ЭСИМДЕ ДАЛЕ ЭЛДЕГИМ

Күйөөгө чыксам оруска,
А мүмкүн багым орусга,
Балдарым сүйлөп турушаар,
**Кыргызча билбей, орусча.**

Колтуктап жүрсөм көчөдө,
Коомайлап колум батынбас,
**Дос, тууган жектеп тураарсың,**
Арга жок боор-жакындаш.

Апама барсам ээрчитип,
Ашык сөз өтпөй өзүмсүз.
Арада сөзмөр — тилмечи
Билгеним болуп өтүмсүз.

Татыбай таттуум-шекери,
Атанын келип кекээри,
Алдыртан жекип энесин
«Кыз-зың сенин!» дешээри.

Ай тийген түндөн көрүнөө,
Күйөөмдөн бассам бөлүнө,
Жамбаштан апам кабарлап,
«Тирүүлөй көмдүң көрүмө».



Жеңелер алгач жайдары,
(Калпылган эбак каймагы)
«Кабагы бүркөө агандын
таптың деп муну кайдагы»

Баланча жигит айтканда,
Кокуй күн жашмын деп койдуң,
Түкүнчө үйгө келгенде
**Окуймун деген кеп койдуң.**

Бастанча сүйүп ээрчиди,
Ызаатын көрдүм мен далай,
**Ырсыйган неме экен деп,**
Ага да, койдуң карабай.

Күйөөлөп элчи жибертти,
Кыргыздын бир топ уланы,
Тең келбей баары окууңа
...сени алар күтүп турабы.

Келипсиң бүгүн ээрчитип,
Саргарган тигил күйөөңү,
**Санааңа бийкеч, кетпесин.**
**Бүлүнттүң урук-бүлөөнү.**

Эжелер келээр сурданып,
**Жүздөр жок турчуу нурданып.**
Корккондон беттеп бара албай
Жалооруй тиктеп, уданып.

Тагдырга танып күнөөнү,
Таптакыр танып күнөөмү,
Тайсалдай басып айтаармын,
«Кабыл ал, эми бүлөңү».

Сиңдилер менен инилер,
Таңыркап билбей-билинээр,
(Ошолор ылдам алынаар,
кектебей сындуу тигилер).

Досу бар кимдин оруста,
Жезденер деген орус да,
Сүйлөшүп көрчү билели,
Үйрөндүң канча орусча.

Деп айткан бир сөз куткараар,
Наристе шектүү караштан,
Билимин чендеп кубанаар,
Кыялга заман жарашкан.

Окуймун дедим танбаймын,
Билимге дале канбаймын,
Орустун жүрөм үйүндө
Оруска тийип албаймын.

Жактырсам жагаар бир тобу,
Жан жолдош болуп жүрөөрбүз,
Жарты нан бөлүп жешсек да,
Экөөбүз эки үй-бүлөөбүз.



Калбасын апа таарынып,
Болбосун журтка жаңылык,
Окуумду бүтсөм эскирсем,
Алаармын бир күн жаңырып.

Чачпаса дүйнө коробос,
Сүйбөсө эч ким жолобос,
Кеч калып түндө жүрбөсөм,
«Каракчы» күндүз тонобос.

Окусам билим эрмегим,
Ээрчишип күйөөм келээрим.
Кыргыздар үчүн жаңы салт
Эсимде, бирок, элдегим.

## АРМАНЫМА

Билсем да анык сүйөөрүн.
Колуна салбайм бирөөнүн,
Пааналап, жатты калалбайт,
Уясын тапкан жүрөгүм.
Колунда жаттын өткөнчө,
Кордосом ыктыр бир өзүм.

«Кыз» деген ыйык даңкымдын,
Ариет багын ачаарым,
Жеткирбес сүйүү күлүгүн,
Жүрөктө жүгөн катаармын.
Тагдырга бүткөн тарыхты,
«Түбөлүк кыз» деп атаармын.

Арманым болоор арылбас,
Таанабай булбул гүл өңүн,
Таңыркап жүрүп өткөрсө
Сабында соолуп, түгөөрүн.

Байкабай кийин кечиксе,
Гүлүнүн сүйгөн сүйөөрүн,

## ПЕРИНИН ЖАЛГЫЗДЫГЫ

Кыз аты улуу, ырас, чачы улук,
Сыйлуу да, төргө олтуруп, төрдөн туруп,
Салкын жел бетегелүү жайык, орду
Бейсанаа ою толук, шоок куруп.

Сырттан түр сырын бербей, сүрүн салат,
Сырт келбет сынын бузбай басып, туруп
Сарыгып таамп турган көңул жашын,
Жашырып, кыз абийри катып-бууп.

Санааркап ичтен бугуп, миң толгонуп,
Кез — келди өзүн кыйбай эрк коргонуп,
Тагдырдын ушул курган тамашасын,
Ачык жүз, жүз алдында сан ойлонуп.

Сарамжал, ойго канык топ курбудан,
Бирөө да кыздын сырын биле албады,
Бир көргөн жолоочуга кол берүүгө
Тилазар жүрөк деген тил албады.



Бек туруп каректердин жоосун алып,
Пери кыз жүрүшүндө таалай ойнойт,
Берилеп тыңшап көргөн жүрөк күүсүн
Байкамак санаа көлүн сүзүп, бойлоп,

Суктантып, арсыз-ойноок көз алдында,
Көрүнүп турган менен бийик, улук,
Сырдашы жалгыз өзү — жалгыз жүрөк
Замана тартып барат, алы куруп.

## ЭРКИН ТАНДОО

**Мугалим Кайрынса эжейиме.**

Тагдырлар көп сан адамды жандаган,
Тагдыр аны, же адамдар арбаган,
Таасин турмуш табияты далилдейт,
Ал бизди эмес, бизбиз аны тандаган.

Кезикпеди арманы жок бир пенде,
Кечип өткөн кечмелигин сандаган,
Керээзиндей алган үлгүм, бул болду
Мен турмушта жалгыздыкты тандагам.

Кереметтүү тирүүлүктү жардаган,
Мен да бири көп ичинде сандаган,
Кекээр айтып уккан кулак жактырбас
Тандаган соң, ага неге таң калам.

Кылга бууп, сарыктырган куу турмуш,
Кылда учу, же тереңи көрүнбөйт,
Кылка өмүрдү «кызыктарга» арнабай
Жалгыздыктан өмүр текке төгүлбөйт.

Боло келген түгөйлүү да арманда,
Менде деле болчуусу ошол, арман да,
Калк четтетсе, турмуш бөлүп чыгарбайт
Жалгыз өзүм тагдыр жасап алганда.

Жек көргүм жок, ырахатын жашоонун,
Жер-жеберин тегиз туюп турсам да,
Мен өмүрдү суyга ыргытып ийбеймин
Жалгыз гана жеке турмуш курсам да.

Жашоо кызык, турмуш күрөш, арбашуу,
Сапарда көп ажырашуу, жандашуу,
Калк ичинен мага тике чыгуучу
Максат эмес, сени менен кармашуу.

Сүйсөң жаша, ал ырахат, көр ыраат,
Сүйбөй калсаң, изде анда сүйүү тап,
Сен турмушта чогуу туруп келсең да
Мага сыйсың, сапар башка, жолуң жат.

Жактырылбас, сүйүлбөстү мен сүйөм,
чиркейинен... Чолпонуна дүйнөнү,
Түгөй күтүү, чогуу болуу, жалгыздоо
Таасир бербейт, түз жолума күндөгү.



Мен түгөйдү жан—эмесмин, жектеген,
Бул айтканым эмес далил кеп менен,
Тагдыр бирок, дал ушундай аруу жүк
Адам өзү жасап алаар эп менен.

Өмүр болсо байбиченин тасмасы,
Эрикпестен кылдап, сызып токуган,
А бүткөндө бир сыдырып өтүүдө.
Узун-кыска, кең, сапатын окуган.

Ал өмүрдө жалгыздыктын өргөөсү,
Кере албаса чубалжыган чынжырын,
Берсе болду айкөлдүктүн,— аруулук
таза адамдык, кеменгердик чылбырын.

Тандап алдым жалгыздыкты жашоодо,
Бирок, сүйгөн улуу жүгүм жанымда,
Сүйө билсем, сүйүүм менден бөлүнбөйт,
Өмүрүмдүн кечинде да, таңында.

## ЖАШОО БАРКЫ

Мен жүрөм. ушул күндө түгөйсүзмүн,
Махабат жанып барат, өчөт кайра,
Издеймин, жүрөк менен өз жубайым
Кыялым санаа тартат,
учат-учат алыстарга,
Ким экен...
—жолукса экен, тез, батыраак

Шашам кээде, жолуктураар самайм, арга
Жалынам, кыялымда жаратканга тизе
бүгүп,
Суранам, тагдырлашым менин кайда...

А мүмкүн, менде түгөй болбос такыр,
Дүйнөнүн бар кызыгын жалгыз көрөм,
Көрөм да, чамам келсе айтып берем,
кийинкиге баян этем,
А мага болоор арман, жалгыз туулуп,
жалгыз жашап,
жалгыз өлгөн!
А мүмкүн...

## КЕЛ, МАХАБАТ

Сүйүүбү... чабактуу көл, түбү терең,
Сүйүүбү... көзү азиз, укпас керең,
Сүйүүбү... төр-мекени айкөлдүктүн,
дүнүйөң түгөл кылчуу мүдөөң белен.

Махабат ызасы күч алдуууданбы,
ырахат, кээде ыйга багындырган,
Дүрт эткен сыйкыр оту сезим сылап,
Минуталык алыстык сагындырган.

Жүрөгүм махабаттан жараланды,
Как жарып дартын алчы, эрк берейин,
Муң баскан муз жүзүмдөн буу учурбай
мен кантип, жашоо кечип бармын дейин.



Кечикпей сүйүү булак көзүң ачып,
Келдиңби... соолуп-ташып, шашпай-шашып,
Жарашкан серүүн абам — гүлзарыма
Өзүңсүз өмүр өксүк, көңүл жашык.

Күтөйүн аяр карап, тереӊ катып,
Махабат ыйыгымсың, асыл сезим,
Издебей сабыр таяп күтүп жүргөм,
Кел, сүйүүм, кеч-эрте эмес, келээр кезиң!

## СҮЙҮҮ ЭҢСӨӨСҮ

Таң сырын кайрып кылым,
Табалбай эңсейм, гүлүм,
Таалайым татыбай, жашоо—күнүм,
Алаксуу жок, эстей берем,
кыял багып издеп келем,
табышмактуу жүзүңдү, мен.

Кемим бөксө, күнүм-түн,
Кимсиң деги үмүтүм,
Сезим кылаалап, көңүл үнүсүн
Түнгө сүңгүп, кезип келем.
Түңүлбөгөн үмүт менен
...түбөлүктүүм өзүң белең?

Бийиктеги кош жылдыздын,
Бири сенсиң жапан кушум,
Сапар алдым алыс мейкинге

Арбап-арбап кездирбечи,
Алсыздыгым сездирбечи.
Ак сүйүүмдү издеп келүүгө.

## МАХАБАТ СЫНООСУ

— Киммин, менмин — кайып өтөөр
тирүү кул,
Адам да бир, дарак мисал өзүнчө,
Көп кезикчүү сан сырлардын бири — бул
Махабат, сен сынга алдыңбы өзүңчө?

Сына анда, бороон жасап талыкпай,
Өз жүрөгүм сыр найза да, болуп ок,
Сына, кана, караңгыда жарыктай
Бийигиңде, босоңдо тоому жок.

Сына сүйүүм, илебиңе майтарып,
Кылга буугун жан дүйнөмү ноктолоп,
Ал, акыркы кысмагына кайта алып,
жетилээрмин... же сүйүүдөн жок болуп.

Ал, сыныңа касиеттүү махабат,
же туярмын, же барк албай асылың,
Закым кууп, дастан болуп, тарап бат
Мүмкүн, тартам чын сүйүүнүн жазыгын

Жүрөксүнүп, колдон ыргып чырайым,
Көөдөнүмдө уялаган басыктан



Өндөн азсам, ага деле чыдайын
Тайсалдабайм, сен тарттыраар жазыктан.

Сына, сүйүүм, суудан алып отко сал,
Адамды бир дарак мисал өзүнчө,
Арман, эркин алы-күчүн чендеп кал
Кайталанбас, эки келбес өмүрдө.

## СҮЙҮҮ ОТУҢ ЖАЛЫНДАСЫН

Шайырым, дайра болуп агылбасым,
Мүнөзү башка эч кимден табылбасым,
Келчи эми, мен кучагым чын жаяйын
Сүйүү отуң өчпөсүнчү, жалындасын.

Сүйүүгө суусап, бирок, багынбасым.
Сүйбөскө амал издеп жагынбасым,
Аяйын урмат кылып ак сүйүүгө
Көз жашың кумар көздөн агылбасын.

Муңканып башы жерге салынбасым,
Алсырап сүйүүсү үчүн жалынбасым,
Ак жерден кыйнабайын жан отуңду
Жүрөгүң жалган дартка кабылбасын.

Сүйгөнүн сагынса да, сагынбасым,
Күнүмдүк азгырыкка алынбасым,
Ишендим, мен да сүйүүм сага арнадым
Эскерип өтсө сүйүү табылбасын.

## ЗАКЫМДАРГА БЕКИТИП

Көбүңөргө катар жүрдүм, сүйлөштүм,
Көрбездендиң кыз сүйүүнү үйрөттүм,
А жигиттер, араңардан силердин
Билдиңерби... кимден ажар гүлдөттүм.

Көпкө сүрдүк бой жүрүүнүн кырдаалын,
Узак чечип жашчылыктын сырларын,
А бирок да, айткылачы жигиттер
кимиңерге чакырганын жыргалым.

Кызыл гүлдү өңдөн азбас катырдык,
Гүл деминен турмуш таңын атырдык,
Байкадыңбы... дал ошондо киминди
жактырганым, кылымдарга татырлык.

Сүйөм аны, ким экенин айтпаймын,
Аярлаймын, дилге жылуу сактаймын,
Сыйым—таазим, топ жигиттер баарыңа
Сүйгөнүмдү закымдарга даңктаймын.

## КОЛ БЕРҮҮ

Чачпагым кооз артып кемериме,
Чагылып күлгүн күнүм кемелиме,
Чолпон нур айды жандай чырайлашкан
Чөгөрдүм жаштыгымды тереңиңе.



Ай туяк аргымакты, жебилгелүү,
Ак каңкы ээр менен жасалгалап,
Жүрөгүм томоголоп бүркүтүңө
Жөнөттүм, желге учуруп асабалап.

Көркүңө, кертме суусар кичигинен,
Көк бөрү, чаар жолборс ичигиңен,
Бото кур, асемдерин кыял чийген.
Боо чачым камчыңа өрүп—ичирилген.

Кадырлаш, катар өскөн үзөңгүлөш,
Карчыга кан досуңа көңүл үлүш.
Канатташ томого үйүң босоголуу...
Кадыржан коногуңа кыялым түз.

Кундуздан кыргак кармап, үкү тагып,
Кулпунган кара чачын сылай жанып,
Карлыгач, көгүчкөн кеп-беш көкүлүң,
Кастарлап көлөкөгө берсем багып.

Тулпарды тумшугунан сыгып багып,
Туурунда канжар сайсам, алсаң тагып,
Туйгунун туу бийиктен күтүңгөнгө.
Тунуктан тунук сөйкө барсам салып.

Чырак көз чынар мүчө-асыл курак,
Чатырап толукшуган көркү турат,
Чалкыган деңиздин бир толкунунун
Чачылган көбүгүнөн келсек улап.

Буурул чач, балжагай өң, ыман жүздүү,
Балпайган байбичелик — тилегеним,
«Байым» ай күмүш сакал, сен жанымда,
Жашарсак кылыгынан неберенин.

## КЕЧИР, СҮЙҮҮ

Кеч, эми «базар» эбак таркап кеткен
Куу шаңшыйт, сүйүүнү айтып жүрөк
черткен,
Армандуу өчпөй өткөн сүйүү алдында
— Кечир! — деп башымды ийип, таазим
этем,
Кечир! Кечир! Кечир, мени... таазим этем!

## ЭР ЖИГИТТИ ЖЕК КӨРҮҮМ — АЯЛДЫК НАЗЫМ

Мен жек көрөм жигиттерди,
Катарында жылдыз чачып, жанып туруп,
Кызык өмүр, жашоо гүлүн тагып туруп
Каруум бөлүп, камын көрүп-карып туруп.

Мен жек көрөм жигиттерди,
Эр мүнөздүн айкөлдүгүн айтып туруп,
Ага-ининин ызаатына калкып туруп
Алар сунган ырыстан бал калпып туруп.



Мен жек көрөм жигиттерди,
Абалкыдан адам сырын билип туруп,
Азабына жүрөк челим тилип туруп
Аруу, таза сүйүүсүнө сиңип туруп.

Мен жек көрөм жигиттерди,
Аалам ансыз ээсиздигин туюп туруп,
Адамзаттын элсиздигин угуп туруп
Атап өзүм кешигимди сунуп туруп.

Мен жек көрөм жигиттерди,
Эр жигиттен шыбагамды алып туруп,
Жандай чогуу айга жүзүм чайып туруп
Тагдырымда жигит менен байып туруп.

Мен жек көрөм жигиттерди,
Уулум сунган ырахатка канып туруп,
Ай караңгы түнүмө шам жагып туруп
Эне мээр, ак сүт менен багып туруп.

Мен жек көрөм жигиттерди,
Түнт кайгымдын паранжасын түрүп туруп,
Кубанч бөлүп катарында күлүп туруп
Ортобузда жылуулукту сүйүп туруп.

Эрдигине өмүр курман чалып туруп,
Бирге улаган жашоолорго канып туруп,
Алар сунган өлбөстүктү алып туруп
жек көрөмүн жигиттерди.

## ЫРЫМ, СЕНДИК

Күтөөрсүң, сага арналаар ырларымды,
Сыйкырдуу кыял кантип жаратканын,
Издээрсиң, сен өзүңдү саптарымдан,
жанаша мени менен бараткаңын.

Мен жазбайм, сага арнаган өзгө ырды,
Сапарда жазып келем, жазып жатам,
Санжырам алмончоктой — ал, сеники
А тамгадан кеткен болсо, менин катам.

Сезимим сезип, акыл оюн жыйнап,
Жүрөгүм сүйлөп, айтып берээринде.
Сүрдөткөн ак кагазга, билесиңби...
Сөзүмдү иргеп, терип келээринди.

Өнөрдүн күлүк-чабал чабытында,
Өрдөтөөр саяпкерим беленинде,
Өмүрүм ырга айланаар сыяктанат.
Өрүүмө күүң менен келээринде.

Туюнгун, табитиме мунасибиң,
Өзүңдү издебей жүр,оку сынап,
Түмөн-түр өмүрбакы мунарасын
Түгөйлөш асылдыктан чыгам кынап.

## БАРДЫГЫНАН ЖҮЙӨӨЛҮҮ

Билбей калдың, кептердигин колдо куш,
Түбү тайыз, учкул ойго куштарым,



Азыр көрүп, от чачылат көзүңдөн
Эми татаал баштагыдай учмагың.

Арым кыска, мамиле да чектелүү,
Жүрөк турат, алкымыңа кептелүү,
Азыр деле мурункумдай болсом дейт,
Анткен менен кыйын эми эп келүү.

Жубайыңдын чачын тиктей эки өрүм,
Туйлап барып, ымыр-чымыр дене өлүк,
Какталган ич күйүтүнө кан кызып
**Олтурасың, өчүп-жанып элөөрүп.**

Аяк толо ичиле элек ырысты,
Ыза менен койгуң келет көңтөрүп,
Жаңылуунун нугун издей изинден
Бар айыпты тагдырыңа төңкөрүп.

Айтаар элем, сен жактабай койсоң да,
Тагдыр эмес, акыл-эсиң күнөөлүү,
Таасири бар, кайгың болуп калса да
Өттү эми, өкүнбөгөн жүйөөлүү.

## БАРКТУУ БОЙДОККО

Алдың билим ашкан төбөдөн,
Ал десе ал, өңдөн кемиң жок,
Апаларды абдан кейиттиң,
Кириң жуучуу үйдө келин жок.

Ашып калдың өмүр боо белин,
**Аруу берээр элге эмгегиң,**
«Атаганат, ачка» дедиртип,
Антип эле кыйнай бербегин.

Бассаң дагы китеп эрмегиң,
**Жатсаң деги китеп эрмегиң.**
Ал өнөрүң жагат баарына
**Адам болуп журтка келгениң,**

Арзыр уулум, элиң десе эле,
Плутонго жөөлөй ашыкпа
Үй-жай күтсөң, деле жетесиң
Илим деген чөмүч-кашыкта.

Чака менен жемиш төкөнчө,
Чал болосуң калып «кечеден»,
Ошондо да апа кир жууса
Түзүк дечи ырыс-бешенең.

Түтүн булап салты жаңылаш,
**Эмес жигит бөөдө ок жутуу,**
Жубай күтүп, чүрпө тапса эле
«Отпускада» калбайт, окмуштуу.

Буйрук эмес, жөн ой эл сөзү,
Бул соккон жел желпип кыйылып,
Сени күтүп далай «төр кары»
Калмак болду «чачка» сыйынып



Угуп, азыр көрүп тургандай,
Укмуштуудай жорук көбөйдү,
«Уул ала качмай» оюн бар
Же силерди «арбак» жөлөйбү...

Акыл улап кудай, периштең,
Качпасаң да антип дайынсыз,
Кала көрбө бир күн балээге
Аял күтүп, төркүн-кайынсыз.

Азыр кыздар абдан «деловые»,
Байкап калып каргыш албасын,
**Талашында калып топ кыздын**
Докторлук иш алыс калбасын.

Бир бүтүрөт дешет, көп жумуш,
Азаматтар чындап арданса,
Үйлөн жигит, элдик бир сунуш
«Үйгө кыздар кирип барганча».

Апа дагы калсын кубанып,
Наркы менен келин алганга,
Айыл дагы алсын уланып
Журт кеңейтип уул барганда.
Келин дагы барсын буралып
**Сендей күйөө арзып калганда.**

## КЕМЕЛИМ

Турмуш азап, турмуш жыргал, турмуш бак
Ал турмушта бирде капа, бирде шат,

Кези келсе суктанамын, чочулайм
Кээ жеринде өз болобуз, кээде жат
...атам айткан нарк сөз гана багытым
«Өз ордуңду өзүң издеп, өзүң тап».

Өткөн сымал чубап эбак ойсуз күн,
Балалыктын өкүмү бек кезинде,
Азыр өмүр учкул—мезгил сабында.
Тотуккан жүз сүртөт баёо бетиме,
Уйгу-туйгу ирети жок чачышкан
«Жашоо» деген түйшүк салып сезимге.

Учса учур, өтсө мезгил ташкыны,
**Өмүр жазы, гүл таажысы төгүлөөр,**
Кайрат күчөп турган менен жүрөктө
Жетилүүдөн «жетим кубат» бөлүнөөр
Карк маарыган кезим алдан тайган соң
Көңүл жыртык, эс жамагы сөгүлөөр.

Бел ийилип, бетке сызык чийилээр,
Нур жүзүмө шумдук беткап кийилээр,
Аргымагым ак сап таяк болгондо
**Алдуу кездин, атаа... баркы билинээр**
Чууруп өткөн ушул курак жаштыгым
Бар болгону көз ирмемге биригээр.

Сезет жүрөк, тер жыбырайт, сыдырам,
Азып кетээр алдамчы күн бар азыр,
Алп кубатты ал жеткенче кул кылам
**Агып өтөөр өмүр суусу шар азыр**



Көз тунарып, ак чач болгон кейиптин
Бейиш төрдөн оорун издээр чагы азыр.

## ТОЙ

Жарыя айтам, Ааламга,
Уккула, Ошум — калаамда,
Той берем, тынчтык заманга
**Кер-Өзөн, кенен талаамда**
Той — берем, тилеп АК БАТА
Өлбөстүгү үчүн, Адамга!

Козголбос алмаз тиреги,
Бириккен инсан тилеги,
Акыйкат, актык төккөн кез
береке-мээр илебин
— Өркөнү өскөн элимде
өкүмгө бирдей келели!

Кел, менин, кыргыз жергеме
Көңүл бөл, берген саламга!
Кел, менин — Ошко тоюма
**Жер шары жандуу, аманда!**
Дүйнө эли сыят, төрүмө
дүркүрөп өсту чамам да!
Жер шары жандуу — аманда!

## ТОКТО, УЧУР

Обончу Рысбай Абдыкадыровго

Азынап, аргымак желет,
азуусун жанып Айга,
азоосу ашынып келет...
...барасың, ал курак кайда,
Барасың ал курак, кайда...

Шаңшыган шумкар ай, кайкыйт,
**Көк мухит мейкинин жерий,**
Ааламды мекендей самсый...
адашпай каякка барат.
**Ал курак өмүрдү жирейт.**

Түнт түшкөн тунук суу «түнү»,
ак чабак эркиндеген жай,
Балык түс алчыланган кез,
бaратат, баратат кай...
...каалгый каякка жай.

— Токто, учур, өксүтпөчү...
Озоормун, адаммын да
Нөшөрлөп төктүртпөчү
көз жашым катаарында,
Өтөрмүн муундарга —
Өчпөсмүн, ...адаммын да.
Өлбөгөн АДАМ, мында!



## МЕЗГИЛДИН ШАРТЫ ОШОНДОЙ

Мезгилдин шарты ошондой... ирмем менен,
**Алоолоп күйгөн оттун өмүрүндө**
Мээрими, же азабы иргелбеген,
Мекенсиз карыптардын төгүнүндө

Мезгилдин шарты ошондо, аткан жебен
Берендик акыйкаттын жөөлүгүнөн,
Агылат биз коюнга каткан менен
Төкмөлүү жаратылыш чөөгүнүнөн.

Мезгилдин шарты ошондой... тандырбаган,
Кумары чегин чийип, тарабасы,
**Өзүнө суусап суусун кандырбаган**
Токтолуп, токтолбоочу арабасы.

Серп салып, жүктөй барат жашоо себин,
**Кетирбей, же калтырбай сынык бөлүк,**
Сеп албай кийин өтөт шумкар кебин
**сапарда үмүттөргө сылык көрүк.**

Мезгилдин шарты ошондой... имерилген,
Чынжырдуу, жыйынтыктуу жан азасы...
Ал дагы кастар, аяр жиберилген
жашоонун чени жана таразасы...

## ЖҮРӨК СЕЗЕТ

Желпип толкун таратып,
Көл бетине жарашып,

Ашык кылып көргөнду
Аккуу учуп баратып,
Кез келээрде капыстан
Оттуу-жаалуу кырсыкка
Куттурбөй ажал чалганы
Бир алдуу тоорун калганы...
Көз кайкыган алыска,
Турнабай болуп көпүрө
Мерген назар салганы,
Дайындап жарак-шайманын.
«Ашыкпа, ачкөз кырсыкпа»
деп мерген жебе мээледи
(Ал дагы жандуу алаамат)
Атаандаш арын бербеди
Качырып барды аккууну...
Каран түн, ыгы келбеди!
Айлантып да бир кирээрде
Жээктен жааны кергени
Шумкарды кыйноо куушуруп,
Уу жебе жетип келгени...
Сунала сууга «чалп» этти
Адам уулу,
кыраанга олжо бербеди.

«Ырахмат» деп ийилгенсип,
күнөөсүз көлдүн аккуусу,
Имерчиктейт толкунга
Жаккандай АДАМ тартуусу
Армандуу болуп кетпеске
Саадагы колдо капарсыз



Дагы аздап өмүр бергенге
Ишаарат менен белгилеп,
Айткандай муну мергенге:
**«Амалың барда кармап ал,**
Аккууда болсо үмүтүң,
Ал кайкып кетсе өкүнбө
Сызылып арман, куйүтүң.

Акылга салса чечилет,
Ал куунун назик жибеги,
Кор кылсаң, сүйсөң өз ишиң,
**Колуңда калды жүрөгү».**

**...Адам сүйөт аккууну**
**Жибегин колго алалбайт.**
Сүйсө да алар өзүңдү
Сени менен,
камыштуу сазда кала албайт.

Акылдуу болсоң, сен, аккуу
Байкачы адам баласын,
Ал жасай алган көп ишти
Сен кайдан жасай аласың
Ал барган бүгүн космоско
Жөндөмүң болуп турса да,
Кантип сен учуп барасың...

Керемет кушу сен, аккуу
Чалкайган көлгө көрк берген,

Ойлонсоң «түркүк» эмессиң
Кайтпастан көлгө бир келген!

Каалгып-кайкып эрке аккуу
Көлгө жүзүн каранса,
Кулпуруп, миң-сан түрлөнүп
Канаты желге таранса,
Капталдай сууну жээктеп,
Кайкып учуп баратса...
суктантат, Адам, ааламды.

Адилет, кордук, жаманды
Душманың, досуң — адамды
Сен дагы туят бекенсиң
Төрөлүү, өлүү кадамды.

Ак пейли кармап адамдын
Ажалга бербей коргоду
А бир күн өзү түнөрсө,
Айбаттуу, сүрдүү ач колун
Сунбаса сага болгону!

Түшүндүң бекен сен, аккуу
Ааламда нелер бардыгын,
Бүгүнкү дүйнө кендиги
Качандыр өтө тардыгын.

Бекинчи, аккуу суктантпай,
Көздөрдөн ачка-сугалак,
Азыркы кылган жакшылык



Башка учур өзү кубалап.
Алгыча жебе — кароолго
Бекинчи аккуу,
жүрөгүм сенден суранат!

## МЕЗГИЛ САХНАСЫ

«Тексизден бий, тегин жерде тегирмен
болот». Элден.

Адашкан төрагасы мекеменин,
эмне керек сага менден,
жөндөмүмдөн, кызматымдан башка да,
...акчабы ыя, дүр буюмбу?
«Парага» деп берилген.
Өзүмбү же, сен кумарын жазаарлык —
сулуу жана көрктүү,
жапжаш керилген?

Убактылуу ырыскымдын тизгини,
чеңгелинде, билемин!
«Ырыскым» — деп, барымтага беремби,
Ырыс ээси, жазыгы жок,
эмгегимди, денемди
Жашоолордун байланыштуу беттешин,
Ар биринде дал ушундай жеңемби?

Сен, «амалдуу» тизгиндеген сан тагдыр,
Мен — адаммын тагдырга эрк багынтпас.

Кел, чакырам чоң казатка, колуң сун,
күрөштөргө күчкө акыл жашынган.
Сага «көнгөн» — майтарылган бирөөлөр,
тоо томор деп кыйнаарың
кулуң сыяк кызматта—алаңгазар.
Нөкөрлөрүң, жандоочуң — арам тамак,
ууру менен ушакчын, карааң, жарак!

Тайкы ой, калтыс жашоо, начар адат,
Кантип сени жеткирди бул бийликке,
А кокустан, үйрөнүп алып жүрбө,
Жеткенче эмес, жеткенде бийиктикке.

— Бирөө жашайт, максат кылып
кийинүүнү,
А бирөөнүн эңсээри — кушкер тамак,
Дагы бирөө күрөшчүл, бай-мүлк үчүн,
А бирөөнө бийлик кылуу, элди талап!

Бирөө самайт, күндө «жаңы» ургаачыны,
балык сындуу туйлаган, айнек тамак,
Бирөө эңсейт, бул жалгандан чыныраак,
кумарпаана, жыргалы мол — арак-шарап.

Бирөө үчүн, ыйык ушул дүйнөдө,
Ак Волгада чабандестей эргүүсү,
А бирөөнүн эң бакыбат жашоосу, —
аялды ээрчип, же аялдар ээрчүүсү.

Бирөө жашайт, кооптонуп өзүнөн,
Жаза тарткан бири акыйкат сөзүнөн,



Дагы бири керт башында таалайын,
Издеп жүрөт, башкалардын көзүнөн.

А бирөө бар, кара күчкө ишенип,
Акылдуунун тузагында — азапта,
Бирөө жүрөт, эстүүлүккө сүйөнүп,
Кеңкелестен «күч адалдап» азатта
— Кимдер гана жок турмушта!

Алар антсе, сен да ошентип калдыңбы,
Үмүткөрүм, болуп менин, өкүмдар,
өлүү мата, зер-акчама, өзүмө,
Кантмек элең, сен өзүңдү билбедиң,
Мен тааныдым, тирүүлөрдүн,
оопасы жок өртүнөн!

— Адашпаган бийлик ээси келгенде,
Эл башына турмак эле туу болуп.
Кайыптан бир, кайыккан төрагайы
Сен өтөөрсүң, кумга сиңген суу болуп...
А тагдыр жашайт, барымтага көнбөгөн,
ак жашоого айжаркындуу нуру толуп!

## ИНСАНДЫК КҮРӨШ

...аба жымсал, суудай тунуп,
айткан улук сөзүңбү?
Ардантууга ниетиң бар,
асынтмакка өз боюма өзүмү.

Мен, мен эмес — сен ойлогон
боло коёоор жарыя...
Жок, жок... антип жаңылышпа
Адам — улуу дарыя!
Агымы көп, сапары—сан,
нуктуу оңтой жагына.
Жок, жок... антип жаңылышпа
андайыңа көнбөсмүн.
акыл-эсим, алдымдагы
аброюм багына.

Билип турам, жалаң ырай,
ыраңында түгүң бар.
Пайдаланып калгың келет...
Эсиңе ал, бүгүн ал!

Эртең дагы Күн жылмайып,
Аба дене сылаарын,
Биз экөөбүз бет келишип,
Жебе ушундай жылаарын,
Эртең дагы жамгыр төгүп,
Мезгил жортуул кураарын.

Сен экөөбүз өзгөрүлүп,
Баары ордунда тураарын.
Эртең дагы... ал, эсиңе!
Дүйнө коoздолоорун,
Ошондо да бул жоругуң
Журтка бузук болоорун.



Төрөлгөндөн өлгүчөктү,
Бардык учур — бактылуу,
Өзүңдүкүн өзүң алып
Өзгөнүкүн калтырууң, —
ынсабың да, ыйманың да
ааламды бүт жактырууң.

Ушул эмей анан эмне...
Адам болуп келгениң,
Ушул эмей анан эмне...
Жолдош болуп бергениң,
Ушул эмей анан эмне...
Инсандыкта жеңгениң,

## МЕНИН КЕЙИШТЕРИМ

Мен кейибейм, жөндүү кырсык басканда
Ажалынан адам өлүп жатканда
Мен кейибейм, капа болбойм түк дагы
Өмүр өтүп, жаштык кетип жатканга

Мен кейибейм, буюм сынып калганга.
Мен кейибейм, мүлкүмдү өрт чалганда,
Кейиймин мен, ак жеринен жеме угуп
Айыпсыз жан айып тартып калганда.

Мен кейибейм, жүрөк күйүт тартканда,
Мен кейибейм, болмушка да жалганга,
Кейип кетем, адам тирүү кезинде
Өлүм деген жутту унутуп калганда.

Мен кейибейм, ооруу-дарттын заарына,
Мен кейибейм, арсыз достун арына,
Кейий берем, түнкү уйкумдан түйшөлүп
Адамдардын муңкүрөмө жагына.

Мен кейибейм журтумду сел алганда,
Мен кейибейм өлүмгө өзү барганга,
Катуу кейийм, алдуу күчтүү кебете
Күрөштөрдө алсыз болуп калганда.

Мен кейибейм, жөнсүз кордоп жатканда,
Мен кейибейм, намыз огу атканга,
Кейиш эмес жаным чыга жаздаймын,
Күнөөсү үчүн карбаластап актанса.

Мен кейибейм, чырдан кара баскан соң,
Мен кейибейм, өзүнө көр казса эгер,
Мен кейибейм, өзүнө көр казса эгер,
Адамзаты тынч жашабай жатса эгер.

## УБАКТЫЛУУ

Кулан өөк кылайган таңдын ирени —
убактылуу,
Кубултуп сайраган булбулдун тили —
убактылуу,
Кайгынын заары, жүрөктүн зили —
убактылуу
Кападар кылган көңүлдүн кири —
убактылуу.



Кашкайткан багың, жүзүңдү —
убактылуу,
Каркыткан жайың, күзүңбү —
убактылуу,
Каскарлап боюң түзөгөн мезгил —
убактылуу.
Капшаптап касың күчөгөн кези —
убактылуу.

Чачың кундуз, көздө нур —
убактылуу,
Чарпыганың илинген кез —
убактылуу,
Көөдөн көксөө, тишиң жез —
убактылуу
Көкүрөктө акыл,эс —
убактылуу.

Убактылуу бул аалам —
убактылуу,
Түбөлүктү жирей чөгүп кете берип,
Эскирүүлөр өнүгүүдөн жоголушпайт,
Күн нурунун желесине жетеленип.

— * —

Кербенмин бир, бул керемет ааламында,
Тилегим, калса өмүрүм кадамымда,
Өкүнбөйм, эч нерсеге ажалга да,
Өлбөскө чеп куралсам аманымда

Өрдөгөн түбөлүктүн төрүн көздөй,
Жылт этип өчөөр бир күн жамалым да

Чексиздик алыс чеги, жеткен жан жок
Билемин, өмүр эсеп санагында.

Адашып жаза тайып, алсыз болуп,
Жеңилсем чын ажалдын амалынан,
**Өлүм ак, актыгына баш ийилип.**
Эрксиз жан жаңылаар жол, кадамынан.

Кейибе, тирүү боорум сен ошондо,
Мен карып, бирок, аман катарында,
Түбөлүк өжөр элес жашай берет
Эгерде өзүң илсең капарыңа.

## УЛУУ АТА-МЕКЕНДИК СОГУШТУН ЭСКЕРТҮҮЛӨРҮ

### 1. БИЗДИН БОЛООР КЕЧИРИЛГИС КҮНӨӨБҮЗ

### Мамаев Курганда

Сүлдөрүм таңды жиреп, туман чөккөн,
Курч көңүл ээ-жаа бербес жүрөккө өктөм.
Жетелеп мени сага бара жатат
**Оо арбак! Оо улуулар урушта өткөн.**

Тал-талдап санаам бекем колдон алып,
Таң алды ак буурулга жүзүм чайып,
Тараза таң жылдызга арзым айтып,
Бейтааныш боорумду эңсеп, барам кайып.



Сырдуу жай, кумсарган таш адам колдуу,
Сыз топо жашыл тасма, муздай жолдуу,
Сиңирген өлүү канын, тирүү жашын
Өзүңө тиктей алгыс, беттеп оңдуу.

Сүрдүүсүң... ыйыксың да, бейитсиң да,
Сүрдүгүп жалгыз барам кейип мында,
Кырдаалын кындан кылыч суурулган кез
Кайырып жүрөк чертет, терип кылда.

Далдайган таштан курган өлбөс элес,
**Таазимди кабылдадым, же жок дебес.**
Боз талаа жайыктагы силер жаткан
Бул белек, белеги эмес бир кеңкелес.

Жаңырып жер алдынан аба жарган,
Музыка жазып Шопен сага арнаган,
Тырмактан чач учуна чырмап чыгат,
Ыргагы муңга сиңип, чырга канган.

Шилтөөгө, бут тартууга келбейт дарман,
Шиберлер шыбыр айтат: «арман, арман».
Жашыгып, таш бооруна боюм сүйөп,
Талыкшып музыка угам, муза жарган.

Сыздадым жүрөк безди, мен муңга мас,
Кара жер, кайрыл мага кайгымды бас,
Калчылдап таш эстелик таянганым
...адамдар, биз доспуз да, а неге кас.

Бул жаткан дөбөлөнүп калаа—ордо,
Тарыхы, адам өзүн, өзү кордоо,
Кадимки акылман баш жасап алган
Кубанчы кээде ушинтип кейиш тордоо.

Билбесе ок жасоону бир да бир жан,
Мен бүгүн турбас белем таянып кан,
Билбесе бир достуктан башканы алар
А мүмкүн, көккө учпайттыр жердеги чаң.

Боз топо сапырылып чыккан менен,
Төбөгө булуп болуп коно албастыр,
Чуу ачуу кайгы сүрүп келген менен
Түбөлүк жашоону үзүп коё албастыр.

Кас адам жалгызын жек көргөн менен,
Өрөөндүү журт ырысын жоё албастыр,
Ичи тар «каалаганым» деген менен
Калгандар аны эркине коё албастыр.

Өзөккө күйүт заарын сүртүп өтчүү,
Өзгөчө кастыгыбыз койсок эмне...
Көңүлгө зака салчуу, кекээр кептүү
Эми биз согуш ишин жойсок эмне...

Жер ээси! «Жоктук» деген жок турмушта,
Алоолуу октун отун суугa салдык,
Жашоого баары жетет, журтка да ашат.
Эмне чыр, эмне жаңжал, эмне тардык.



Өмүрлөр ырахатын өрткө алдырбай,
Өтсөк ээ... бул дүйнөдөн ызаат менен,
Өчүртпөй бири-бирине балбыл шамын
Жеңил ой, жетесиз өч, ыза келген.

Жалтанган кеменгердик улуу ойдон,
Согуш жок! Өчсүн оту, болсун ойрон.
А бүгүн андай кабар, андай «оюн»,
Ишенбейм, жок турмушта, чыксын ойдон.

Чөккөндөр Волгоград топтосуна,
Согуштун жакшылыгын баяндабас,
Кайрадан домоктуу күн ордолотсок
Биз эмес өлгөндөр да аялдабас.

Кечирбес, күнөөбүздү дүйнө—аалам,
Керемет жаратылыш, багбан талаам,
Кечирбес башын сайып коргоп берген
Бул жаткан жер алдында арбак-караан.

Кечирбес, көктөгү Күн нуру тарам,
Кечирбес, өзүн-өзү күнөөлүү адам,
Кечирбес, баарынан да эми келген
Турмуштун сансыз көчү—жаңы кадам.

## КЕШИКСИЗ ВОЛГОГРАД КАЙЫҢДАРЫ

Бүрдөсө чырпык жазда жайып канат,
Кыл көңүл эргип барат, сүйүү самап,
Кылаалуу күн таажысын тоодон тоскон,
Ак кайың ага калыс, кантип танат.

Кайындар кызга арача, жигит сүйөп,
Куттуу жай махабатка кечки түнөк,
Күнөөкөр сүйүүсү үчүн назик сезим...
Калаасы жүрөктөрдүн тапкан сүйөк.

Билгели мен ааламдан кайың сырын,
Ырдалган дал ушундай ардуу ырың.
Укпагам, мүрзө үстүндө корголоогон
Дал ошол ак кайыңдын зардуу чырын.

Баратам жээгинде зор дарыянын,
Шейиттер бут алдымда сезем баарын,
Өткөнүн бир алаамат мезгил кечип
Баяндайт, корголгонун адам арын.

Бейкапар, куунак көңүл, элдин журтун,
Самаган бир ээн баш алдым-жуттум,
Сабалап закымдардан калбай жортуп,
Аттанган журт баласы алгыр кушун.

Сан адам жыргалга мас, таңга кумар,
Тагынып автоматтан — темир тумар,
Чыккан дейт, кан сапарга жол талашып,
Узаткан чууруп сүтү Эне — улар.

Кадимки Волга суудан от жанганын,
Кара жер кызыл канга бек канганын,
Калаалар тамтыгы жок кыйраганын,
«Каралуу» бетин тытып, ыйлаганын,



Бешикте балыр—эзил бала атасыз,
Береке кутту сүрүп, бак-батасыз,
Бейиштей төрдөн кечип аталар да,
Байбиче муң ичинде, жүз капасыз.

Берилип элди асырап, Мекенди албан
Аруу журт, бабалардан колдоо алган,
Берендер бел байлаган эрдигине
Берген дейт, өмүр канын калбай арман.

Баратам бутум тартып жерден араң,
Болсо да, алааматтан алыс арам,
Чапташат таманыма адам каны
Талаалар, сенин жараң — менин жарам!

Бет сылайт, суу шарынан келген шамал,
Жатат ээ... жер алдында канча жамал,
Силер да «Кайың талаш», «Бекинбечек»
Ойногон жерден кеткен асыл караан.

Кеттиңер белбес, болуп, биздер үчүн
Мекенде жасаган иш, кандуу күчүң,
Журтуңа, журт ээлеген муундарга
Арнадың өмүрүңдү, Өмүр бүтүн!

Биз бүгүн асыралган ошол таңда,
Волга да өркөч толкун—көпкөк арча,
Калаабыз калыбына кооз түшкөн,
А кайыңдар мүрзө үстүндө... арга канча?

Кешиксиз Волгоград кайыңдары,
Бейитке түбөлүккө корголодун,
**Ааламдын башка жерде кайыңындай**
Ким билет сени күлкү корголоорун?

Мен келем бутактарың мундуу сылайм,
Жаныңа тоодон терген гүлүм коюп,
**Тиктеймин, ным кирпиктен тамыр-түбүң,**
Адашкан тагдырларга кайыл болуп,

Өкүнбө, Волгоград кайыңдары,
Түбөлүк күлкү — жүздү тоспогонго,
Өмүрүн кум чайкаган сан сүйүүнү
Алыста «арманына» кошпогонго

Өкүнбө., Волгоград кайыңдары,
Кыз-улан кубалашып келбегенге,
Арача ак сүйүүгө айдың салып
Аларга калыс болуп бербегенге.

Өкүнбө, Волгоград кайыңдары,
Келгендин шайыр жүзүн көрбөгөнгө,
Таазимдүү айлананда аяр баскан,
Сен күткөн оюнга ой бөлбөгөнгө.

Өкүнбө, адам тенин тамырларын,
**Өлгөндөр өнүп чыкты өзүң менен,**
Өкүнбө, өзгө жердин кайыңындай
Сендеги жаңырбаган сезим керең.



Өкүнбө, сен ааламда калыс калдың,
Жүрөктүн окко түткөн сүйүүсүнө,
Өкүнбө, сага билген күлүп келбейт
Өлүшкөн өлбөстөрдүн тирүүсүндө.

## УККУЛА, ЭНЕ СӨЗҮН

Волгоград шаары, Мамаев Курган
**монументтик комплексинде «Мекен — Эне чакырат»** жана «Аза күткөн эне» айкелдеринин сөзү.

Сарыгып сиңген денеге,
Сарымсак заары денеде,
Салмактап табыт — УУЛДУ
Зарыгып ыйлайт, Жер—ЭНЕ:

Таркабай кумар энеде,
Тартылып турмуш—кемеде,
Таңыркап жакшы, жаманга
Тамаша кылаар немеге.

Уу тишин кайрап жулкунган,
Куулгур Ата-Журтуңдан,
Кууранган фашист кол салып
Талашкан күлкү ууртумдан.

Буйдалтпай кирип жапырып,
Бүркүрмө огу атылып,

Суу, бороон көрүп бир өзүн
Тим жаткан элге катылып.

Сабалап бомба агылып,
Сансыз ок төгүп, жабылып,
Санаасыз наадан дартынан
Согуштун оту жагылып.

Талашып уулум койнуман,
Доорунун шөкөт, ойнунан,
Шарабын чачкан жалынга,
Шерденген акмак «ойнуңан».

Төгүлдү жөнсүз көз жашы,
Көмүлдү көптүн боз башы,
Агылды кандын дайрасы
Өмүрдүн кетти айласы...

Көп сүйүү күнүн бүтүрдү,
«Көр соода» ойдун бүтүмү,
Мекендин каптап асманын
Бурганак — күйүт түтүнү.

Сакталуу асыл берметин,
Сапырып чачың, жер бетин,
Самсаалап арсыз ээрчишкен,
Мекенсиз кайттың «эр жетим».

Сакалын ата жаш чайкап,
Санаалаш көргөн баш чайкап,



Сары өзөн — кут жай, тытылган
Каргышын мээсиз башка айтат.

Өлтүрдүң, өлдүң-жутулдуң,
Өлөрман жоолоп утулдуң,
Өлчөбөй шоруң кезинде
Өзүңчө сен бир кутурдуң,

Залалдуу зөөкүр жүдөтсө,
Закасы калмак жүрөктө,
Зарлаган өксүк өмүрдүн
Запкысы тийгей түгөткө!

...салаалап көздөн жаш кетип,
Санаалуу апаң — так бекик,
Саамайын буурул чалдырып,
Садага курман жан кечип.

Санаксыз алчуу кыргынга,
Сабалап кирген жылгынга,
Сай-сөөгү сыздап чыркырап,
Сагынып энең тур мында.

Айтабыз, ЭНЕ элеси,
Энелер өлсөк керээзи,
Осуят сыяк жатка бил
Бул сөздөр сөздүн энеси.

«Заарым чачам душманга,
Залалын айтам укканга,

Заманы запкы көрбө деп
Ырыскы элге жукканда

Бомба эмес, көктө куш болгой
Тынчтыкка ченсиз күч толгой,
Ынтымак аалам—жер бетин,
Каптагай эле бүт койбой.

Укпасын адам ок чуусун,
Өткөндү эмки Күн жуусун,
Өлтүрмөк эч бир болбосун
Өлбөстүн көтөр, ЭЛ, туусун!»

## БООРДОШКО

ырчы Владимир Высоцскийге,

Арча жапкан кол башындай боз топо,
Алачыктай гүлдөр жыйган жанына,
— Атаганат, биздин күндүн Гамлети
Атан-төөдөй чебер жердин алдында!

Каргылы бар жоон үнүн гитарчан,
Капкачаңкы эски тасма жаңылайт,
Каткан элес актай барак бетине
андан башка, башка эч нерсе табылбайт.

Кана алп дене уул болуп төрөлгөн,
Кана, Гамлет! Гамлет кезин көрөм мен.
Кана, талант, кана өткүр курч кайрат,
Кана Вова, өзүн көрсөт көрөмүн,



Канча адамдар тигилишкен мүрзөңө,
Бирөө дагы буга жардам бере албайт,
Мариң келди, гүлүн жашка сугарып,
ал деле—биз, сунуп колго бере албайт.

Шекспрдин өлбөс болуп жаралган
Гамлети сүйлөп жатат, сахнада
А өлүүгө карыз болуп келген жан.
келе албайсың кечээ жүргөн сахнаңа.

Театрда жүрүп жатат актерсуз,
Жаңырыктап үнүң сенин угулат,
Карааны жок, добуш бизди өксүтүп,

көңүл ыйлайт,жүрөк жашка жуулат.

Сен кеткен күн, кечип баарын «жакшыдан»
эскерилет жылда ушинтип бош, ээсиз,
Кош театр козгосо да кусалык,
Талантыңа таазим этип келебиз.

Бейитиңе кие кеткен кепиниң,
Билесиңби... Гамлет кезиң эмеспи,
Гамлет өлсө учурунда бир жолу,
Биз да көмдүк, Гамлет деген элести.

Ташка чеккен өчпөс кылып түбөлүк,
Тамгалар—ал, изиң калган тирүүңдө,
Таштан бөлөк сый ыйгара албайбыз.
сенин сыйың, жашай берет тирүүдө.

## АРБАШУУ

Бейит үстүндө эстеликтен ушундай
мааниде керээз окудум.

Талашкан таалайыңды сыяктанам,
Талааңа эркин конгон кептер элем,
Татыган өмүр ыраа көргүң келбейт,
Кеттимчи... түбөлүккө кайкып сенден.
Ал эми муздай каткан, жансыз адам
сүрөтү,
мага буларды айтып жаткансыды:

Апам төрөп, айылымда табылгам,
Аны издесең, таба аласың канымдан,
Мен адашып калдым окшойт, өмүрдөн
Аккуу болбой кайра айлына кабылган.

Учат баары бир уядан чоп-чогуу,
Кайда бирок, бири калбай кайрылган.
Күнөөлөбө, из жаңыртпай кеткенге
Жокпу араңда мендей болуп айрылган?

Тагдыр тура бешенеге чийилген.
Өмүр кийим жыртылганча кийилген,
Мен жырталбай кеттим ошол сыйынды
Гүлгүн чакта солкулдаган, ийилген,

Кызың тунук, ойго албагын жамандык.
Кор кылбады башка барда амандык,



Кордосо, эми, эми кордоор муздак жер
Ага менин жетпейт, күчүм адамдык.

Бул жашоого кимдер келип кетпеген,
Кимдин ажал түпкүрүнө жетпеген,
Кабак чытып кайгы тартпа калың эл
Өчкөн таңга жүзүн буруп, беттеген.

Кош бол, элим, кош Ата—Журт—боорлор,
Ажал чачкан муң чалчыгын кечпечи,
Кеткен кулун келбейт, эми үйүргө
Боштук кылып кайгыга сыр чечпечи...

**Кыргыз жумуриятынын эмгек сиңирген артиси Таттыбүбү Турсунбаевага.**

Төрөлүп айырмасыз башкалардан,
Кадимки күн, ал күн дагы атты беле,
Тамылжып жылуулугу жаз чалаарда
Токумдай булут жүзүн жапты беле...
Торгойдун мукам үнү башталаарда
тоорулуп, кургап тили катты беле...

Шок кыял тизгин жыйбай аркыраган,
ноктосуз эрктен жанып, өчкөн өртпү.
Шоокумдан ак закымдап жаркыраган
Шооласын сезимдерге сүртүп өттү...
...шооласын сезимдерге сүртүп кетти!

## ҚАЙГЫЛУУ ҚАБАРГА МЕНИН ЖООБУМ

**Таятам Акматтын эстелигине.**

Караaны сүрдүү калың журт,
Эмнеге үйгө жыйналды,
Каршымдан чыккан жеңелер
Капалуу добуш, үн салды...
— Айткылачы, калайык,
мени күткөн жай бул жерде
Өргөөмбү... же зынданбы?!
Кулагым тунат, ызы-чуу...
Оо калың журт, үйүмдө
Бүгүн, кайгыбы же жыргалбы?!

Туум болчуу кош дарак,
Тилеги каткан шум ажал
анын, түптөп бирин кыйганбы...
Далдайган «тоодой» таятам,
Оо кудай ай, куу шумдук!
тепкедей жерге сыйганбы...

Таятам, болчу калкка карыя
Карыя журттан көчтү деп,
Айттыкпы элге жарыя.
Жашоонун тизгини үзүлүп,
Оо дүнүйө, кечээ эле
соолудубу, агып жаткан дарыя?!

Капарсыз көңүл оюнда
Ээ болбой эркин оюма



Турганда санаа чырмады
Кабары тийип колума.
Өрттөнтүп сагынч аптабы
Жыл болду таңдын атмагы
Секелек, эрке неберең
Бүгүн, болду балдарыңдын «акмагы»,
Узатып-көрбөй калган соң,
Же бир, тынч алып түндө жатпады

Козголтуп элдин жараатын
«Кокуюн» абдан баштады,
...оо караан күн, ошол түн,
калыңдыктан чыдады
ачылбай жердин капкагы.

Самолёт учат бийиктеп,
Булутту жиреп туш-тушка,
Сабалап канча эл батса да
Тар дүйнө!
Мен батпай жүрдүм бир бурчка,
Кыямат, кербен ичинде
Келатам, калкым эндиреп,
Табытта... жолдо, алдынан
Чыкпасын эч ким менчилеп,
Ишене бербей келгенмин,
Түндөгү түшүм өң болуп,
Тилеги каткан шум ажал
Оо кудай ай,
чын эле, алганбы жаныңэнчилеп!

Сакалын жыттап, өбөм деп,
Көргөнүм айтып берем, деп,
Арзып бир, келсем кетиптир
Суу өмүр,
ажалга жанын белендеп.
Көрүнбөй эч ким көзүмө
Жоктодум улам, элеңдеп
Ый чыгат, муңдуу үн менен
«Кош эми, кайран, берен» деп.
Оо калайык, калың журт
Таятам, жок дегенде кайтаарда
айттыбы, бир күн келем деп.

Боз топо чачып ойногон
Үйүмдүн арты жар беле...
Өзөндө аккан дарыя
Ушунча үндүү шар беле...
Көз көргөзбөй айырдың
Кудай каары, куу ажал
сенин мынчалык ичиң тар эле.

Алакан жайып бата алып,
Беш көкүл чачым өрбөдүм,
Бапестеп, мен да багаарда
Менин урматымды көрбөдүң.
Сыздатпай түркүн ой менен
Мынчалык кетмек экенсиң
Таята
мен барда неге өлбөдүң!



Сыланчуу чачым кош колдоп,
Бүгүн, жалгызың эле сылады,
Жүргөнүң эстеп мырза түс
Жүз аарчым жашка чыланды
Сабыр сөзүн эл-журттун
Санаалуу кулак угабы...
Аңгемең далай тыңшаган
Бүгүн сенин,
небереӊ тынчып турабы...

Төшөктө оору кемпириң
Жазылбай зарлуу чач калды,
Өзүңдү жоктоп, комулдаар
Артында туяк-баш калды,
Сүртөөрү болуп бир өзүң
Таята,
сүртүлбөй көздөн жаш тамды.

Таятам, табылбас мазар адамым
ичимде калды арманым
Өткөн бир күндү миң эстеп,
Неберең,
тиштенди бүгүн бармагын,
Кантип айтам, эми мен
өлгөндөгү сөөлөтүңдү бир көрбөй
Жар болсун, деп арбагың!

Ишенбейм кайра келчүүдөй.
Унутуп, иштин ал-жайын,
Чын эле кечип кеттиңби.

Таята,
жашоонун эмки калганын!

Сиз кайттыңыз түбөлүккө ааламдан
Ажырадык, не кайгылар чекпедик.
Атаганат, жашоо деген ушулбу!
Аяк шилтеп, бир жолу өткөн кечмелик,
Канттик эми, башка арга калган жок
Кош бол, Ата, жүрөктөсүң эстелип!

## ТАЕНЕНИ ЖОКТОО

Таенем Сонунбүбүгө арнайм.
(кошок)

Жайылган торго түшөбү,
Жазынын серүүн чабагы,
Жазылбай бүгүн жыл толду
Окенин бүркөө кабагы.

Сагынып жүрөк эзилип,
Санаадан сөөк жешилип,
Көрүнөт суук боз топо
Таене, бейитиң жапкан эшилип.

Окубай туруп «Алиппе»
Сыйына билген арипке,
Билимдин баркын баалаган
Олуя карап ар ишке.



Сыйла деп, кагаз-каламың
Үйрөтөт, жашоо амалын,
Кубатың жетсе кат тааны
Кор кылбай, балам, жарамың.

Насаатың угуп башынан
«Окуу» деп жүрүп жашыман
Узатып турбай кашыңда
Уялып, элден жашынам.

Отуруп мүрзөң кашынан,
Чукулап төккөн ташынан,
«Ушунда энең бар» десе
Телмирип тиктеп жашыгам,
Алданган ойноо балача
Таене,
«кара ашың» тоюп ашынан.

Суу койсо чайпап төкпөгөн
«Суу жорго» аял сен элең,
Суурулп ажал кетсе да,
Суктанып эстейт неберең.

Бакчада өскөн тоту куш,
Тоту куш сындуу сен элең,
Төмөгө ажал илсе да
Тамшанып эстейт, неберең.

Аскалуу тоону чар жайыт,
Мекендеп жүргөн кайберен,

Алкышын элдин көп алган
Асыл жан элең, таенем.

Аралап кулжа оттосо,
Ал өрөөн-журту кайберен,
Арманга чөгүп муңдаган
Алдуу жан болчу, таенем.

Бетеге шибер көк кечкен,
Ок туяк, учкул кайберен,
Пейлинен абийир көрүнгөн
Бек киши болчу, таенем.

Колунан ийне жооруган,
Колу эмес, темир ооруган,
Кылдатпай кундуз карманып
Кыйла кыз эшик тооруган.

Эштирип жибек кайыштан
Көөрүнөн көздөр тайышкан,
Көйкөлтө бычкан бөрү ичик
Жамынган эрлер майышкан.

Силкинтип суусар карматып,
Суусарга ийбей алдатып,
Эр жигит кардал ээрчиткен
Элчиси менен жалдатып.

Аюудан көрпө төшөтүп,
Тушуна илбирс тарттырган,



Түркүккө илип чаңачын
Тууруна үкү тактырган.

Жүрөгүн кууруп жолборстун
Төрөгөн уул жолборсун
Төрт кыраан берип майданга
Күнөөсүз жуткан коргоошун.
— Төгүлүп андан калганы,
«Төрөмө» өмүр жол болсун.

Сасык деп музоо тумшугун
Талгаагың аркар кандырса,
Аркардан тапкан Бегишиң
Кем болбосун ал мында.

Кол башындай чүргөөдө,
Колуңа алып, чүргөөгө,
Кол бала кызың, Гүлгаакың
Чыркырап жоктоп, үндөөдө
...Чынарың ал да жетилткен
Коргой жүр калтыс күндөрдө.

Белегиң — түлкү тумагым,
Тикчийген эки кулагын,
Тиктеп эстеп олтуруп
Тирүү өлүк болуп турамын

Берендер көркүн көрктөгөн,
Чебер кол жерде калганбы...
Бермети сөздөн төгүлгөн
Таенем бары жалганбы...

Ийиндеп бийиң болом деп
Коркутаар мени арманбы...

Каададан жазбай карыганча,
Каары күч ажал алганча,
Кадырың сырдан алдырбай
Карлыгач канат талганча,
Кайратың укмуш жан элең
Таене,
кайтууга буйрук алганча.

Энелик мээриң жүзүңдө,
Эзелтен наркың билинчүү,
Ээгиңе сүйөп башымды
Көөшүлүп көзүм илинчүү
Этегиң сүртүп мандайга
Соолуган гүл да тирилчүү.

«Калдагай» менен «кулдугуй»
Бал сүтүң толгон ак мамак
Жыйырма чүрпөң эмизген
Сыздаса көздөн от жанат
Чеберең чыргоо болсо да,
Ийип сүтүң, тып тамат.
...чырдашып ажал жеңген соң,
Эми, чыңырып ыйлап ким табат.

Аруу жүз тындык, тазалык
Айылга чыксаң жасанып,
Артындан ээрчип алаарда



Калтырып кетпей кас алып,
Калкалап өзүң жүрчүү элең
Таене,
кайдан эми антип басалык.

Чачпагың, чолпуң чагылып,
Кыялга касың багынып,
Колундун көөрүн туйгандар
Чененбей алын жагынып.
Коногуң аяк сергитпей
Ээрчишип, чубап, агылып,
Ыраазы болуп кайтчуу эле
Бири да калбай таарынып.
...калган соң эми, эч ким жок
Таене,
босогоң сынып, таарылып.

Кымызың жыты буркурап,
Ал кантип, кайдан унтулат,
Магдырап көңүл ачырчуу,
Магсымың ачып, куркурап.
Береке сиңген ак колдор
Чым алдын тытып, жулкунат.
Чыгалбай, чиркин, калды го
Таене,
чын ажал коюп кулпулап.

Мүнөзүң жумшак, эзилген
Тил укпай бала кезимден,
Тилмечи, келген ачуундун,

Тиктешиң кетпейт, эсимден,
...эми, тилдесең деле мейли эле,
Тирилип, алсыз кезинден.

Сай бойлой өскөн табылгы,
Сабоого жараар болгончо,
Сарыгып, тери арылып,
Сайроондун кушу конгончо
Асырап баккан Жылдыздан
Айбыгып, азап солгончо
Чатырап, батпай териге
Окениң маарып, толгончо
Азыраак күтсөң эмине
Таене,
армандан сөөгүм жонгончо.

Карааның колдон суурулуп,
Искеймин калган жытыңды.
Капкалуу калаа шаар бош
Кайгыдан көңүл тытылды
Аргасыз амал түгөнүп,
Ажалга сундум кутумду.

Капчыгай ичи карагай,
Алчалуу бетти аралай,
Аргымак көңүл ачырган
Калайык журтта карандай
Кайышып жүрөк турса да
Таене,
кайттыңбы артың каранбай.



Кашыңда туруп кол созуп,
Кашык суу суна албаган,
Кадыр түн тосуп жаныңда
Кайгыңды сурай албаган
Кармалап колуң жылытып
Каадалуу сыйым арнаган
Акырет жолго узатып,
Ыраазы сөзүң албаган
Күнөөлүү кызың менминби...
же турмушпу мени арбаган,
Айыптуу кызың менминби...
же таене,
ажалбы бизди алдаган.

Олтурган төрдө, мамыкта
Элесиң калды акыркы,
Башымды катып искеген,
Жытыңбы... ал бир атырбы,
Жалооруй тиктеп узатуун,
Сөөгүмө жебе матырды,
Сезсемчи, ошол кезинде
Сук өлүм барын каапырды
Апкаарып, эстеп зыркырайм,
Таене,
«апалап» жазган катымды.

Куу ажал деген камгакпы
Билбеген боор-жакынды,
Кусалуу ыза уктатпай
Эче түн таңын атырды

Кучактап өбөөр күн болсо
Атаганат,
кубантып көңүл ачырчуу.

Жомокто калды бул үмүт,
Жорго сөз менен айтылган.
Жоодурап ыйлап биз калдык,
Жоолугум булган артыңдан.
Жолоочу өмүр ушулбу,
Жок, кечээ жанып Ай турган
Жашыгып көз жаш тыйылбай
Улуу сый менен айтылган,
Жароокер, мээр энебиз
Тайбайсың бизде баркыңдан
Толтосун ээлеп жүрөктүн
Жашайсың дале артыңдан.

## КЫЗЫМ АЙТУРГАНГА

**Жайнап келген жазгы жарык чолпонум,**
**Жанып турган теңдеши кем чолдогум,**
Жаңы гана таанышуунун кези эле
Жаңылышып неге бооруң кордодуң.

Суйкайыңкы кош кирпигиң төгүлүп,
Таң элең го, кылайыңкы сөгүлүп,
Эми гана кумар жазып көрөөрдө
Колуң үздүң тирүүлүктөн бөлүнүп.



Жашасаң да, бүркүм суулуу өмүрүң,
Айкындадың сен да, жашоо төгүнүн,
Апаң эми, «Айтуля» деп эскерип,
Бир ээсисиң, жок болсоң да төрүнүн.

Жылдыз көзүң көп элестен бөлүнүп,
Жашай берээр, өмүр бою көрүнүп,
Ойлогондо кезигишээр күн жогун
көңүл жашы нөшөр болуп төгүлүп.

Унутпайбыз үлбүр-назик жүзүңдү,
Унчуга элек, убайымсыз түсүңдү,
Улутунуп эстеп жүрөөр энекең,
Эстегендей көргөн жакшы түшүмдү.

Жытың келээр сезимдерден тытылбай,
Шек алдырбай жоктугуңдан кыпындай,
Чүрпө тапсам дагы дале өзүңдөй,
Болоор бекен, жыты сенин жытыңдай

Каалабадык, бирок таңды табийгат,
Тагы калаар, а жарааты айыгат,
**Шоола жирей колдон учкан көптер кыз**
Табылбассың... башка сендей табылат.

Кош! Жылаажын үн ышкырган жаңырык,
Өмүрүмдө жаңыны ачкан жаңылык,
**Кайгырбаймын мезгилиме жүздөшкөн,**
**жоготуума... гүлдөр сыяк тагынып.**

Кош, чынарым, бүр кезинде кагылган,
Маңдайыма ырыс сүрткөн, чагылган
Эзелтеден эсте калаар сырга тең
Сен мен үчүн өчпөй турган жалындан.

Кунга өтпөйт, адам жаны бата алып,
Өлүмдө жок ылгоо менен каталык.
Ээрчип эми бөбөк келсе артыңан
Кайра атайлы, жүрсүн атың аталып.

## ЭСКЕРҮҮ

Семиз-Көл айлынан Беган аттуу
жигиттин эстелигине.

Айдарым тээ... алыста калса дагы.
Унутпай көңүл аяп, эстей берет,
Сызылган кыялдардын чабытында
Бир кезде жазган катың эске келет.

Ак инген ботосунан ажыраган,
Ак кийип жүргөн менен кейий берет,
Ак даакы чулгоолонгон жасаатыңды.
Менин да эстегим жок, эсим сенек.

Кең далы, кенен пейил, айкөлдүгүң,
Кеңирсип тоолоруңа сиңип калды,
Кекээрдүү кеги менен жарааты күч
Келбетиң кара топо өзүнө алды.



Айгайлап асабасын туу көтөрөөр,
Калкыңдын кадиги жок уулу элең.
Калкыдың, колго урунбай кайып кеттиң
Кадимден куу тагдырың ушул белем.

Созолонсо жаңырган тоолор кошо,
Обон салчуу мукам үн, үнүн басты,
Таш кулатып ойногон кой артында
Жайлоолоруң унутпас уулун асти.

Түндүгү тар дүнүйө түбү жыртык,
Түп көтөрө кырдаалда кетти кыркып,
Адилинен агача сүйүү болбой
Асырайм деп өмүрдү, алдың кырчып.

Асыл жаштык, адал жашоо—аргымагың,
Тагындың сыйын көрбөй каргыларын,
Айрылуу агызган жаш—өлчөөсү жок
Кайрылбай эне-атаңды каргыладың.

Сүйүүдөн сузүп кеттиң, көк деңизге,
Жеттиң дагы, жетпедиң чоң жеңишке,
Намыз үчүн төрөлгөн жигит элең
Кайыл болдуң арыңа жан беришке.

Ак чоку көк жайыкта таанып-билген,
Өксүгөн сага көңүл жаралашып,
Караанын закым болуп жүрсө чындан,
Өттүңбү, кайра аларга аралашып.

Каалгыган ак таңда таңга кошо,
Кабар алып журтуңдан келдиң бекен...
Кабары бар сүйүүдөн айылдашка
Махабаттан таалимиң бердиң бекен...
Бирок, алар жолунду жолдобоско
Тосуп калчуу ак аркан кердиң бекен...

## ӨМҮР БҮТПӨЙТ!

Айыл бейпил—жылдыз учуп, ай жанат.
арча бешик термелет, чер таратат.
Алааматтан, өмүр өзүн аярлайт...
Тирүүлөрдүн жерин кырсык талашат...
— Таңды кара, түн сүрүлүп баратат,
Күн — бул, күн бар! Кайра өмүрдүн
таңы атат.

Айыл бейпил—борошолуу ак жамгыр,
от боюнда бир бүтүндүк жанашат.
Омуроолоп чагылгандын зомбусу,
очок отун күүлөйт, үйлөйт, талашат.
Мемиреген жашоо аны көрмөксөн, —
алар оттун өчпөстүгүн самашат.

Айыл бейпил. Чиеленген чыйыр жол,
Дал сабында өмүр жашайт, жаңылап,
Жоодураган тирүүлөрдүн издери
Жол сулуулайт, чабал чубайт, агылат.
Кырсык эңсейт, кырчындысын чыйырдын
Кур далалат! Жолдор бүтпөйт, жаңылат.



Айыл бейпил — асман ачык, булутсуз
Апа ийикте, Ата күүлөйт комузун.
Ойноок балдар ойноп жүрөт,
торпок минип, тигинде
Мен олтурам,
ак өргөөдө тыңшап чертмек добушун.
Комуз күүсү, ийик бийи санжыралуу сыр
айтат:
«Өмүр болгон
өмүр болот,
дагы өмүрдүн болушун».

## ӨМҮР КЫРЛАРЫ

Турмуш кеме, сүйүү анын байрагы
Тагдыр талап, каршылыктар кайрагы
Таба берүү издегенин жашоодон
Таттуу эместей андай өмүр аймагы.

Ой төрөлсө, кыял аны жетелеп,
Ээси ээрчисе, наадан чалыш эселек.
Ошол өмүр serigүүсү жок өмүр,
Кумар таркап, көңүл калып кетелек.

Сүйсө пейил ал сүйбөсө теңебей
Андай сүйүү өткөрүлбөйт, элебей
Көп сүйүүдөн күчтүүрөөгү дал ошол
Кызганч менен эстеп жүргөн кенедей.

Максат коюп жетпей барса абалы
Күрөшүүгө анык күчүн салаары
Ошол өмүр бийик өмүр жекелик
Жана адамдын бардыгында панары,

Үмүт ийги, чымчып аздан жем таштап,
Биз умтулуп, бирок, бизди ал баштап,
Тапсак эргүү далалаттын үзүрүн
Таптырбай да капа кылып көз жаштап.

Катуу эмгектен оң өзгөрүп каржайып,
Калаа ойдон көңүл чүнчүп, ары жагып,
Кара терден терип алган ийгилик
Ошол өмүр, өмүр күнү ажайып.



Албай койсо, тагдыр кежир тилинди
Алдыртам деп, сен карартсаң дилиңди
Айбыкпаган айбаты бар жыйнап эрк,
Анда өмүрдө адамдыгың билинди.

— * —

Табийгаттын чебердиги
Бербегенин карачы,
Жалгыз жандан турмуш бүтсө
Койбой туруп арачы,

Кетээр белек жеке ээндеп
Асман, жердин арасын,
Анда болсо муун улоо
Адамзаттын баласы.

Болмок эмес анда бизде
Сүйүү, жекүү табасы,
Болмок эмес анда бизде
Кайгы-капа санаасы.

Биз бактылуу жеке жандан
Күчсүз болуп бүткөнгө,
Кайгы, кубанч чогуу жасап
Азаптарга түткөнгө.

Бактыбыз ал-жан кыйнообуз
Тагдыр арткан жүктөргө,
Биз бактылуу жалгыздабай,
Эриш-аркак бүткөндө.

## МАЗМУНУ

Акылдан заман 5
Аккуу көлү 6
Ант 6
Миң кыял көңүлүңө толо аламбы 7
Акын жана гүл 9
Кылым кезип өткөн акын 10
Акындарга кенендик 10
Табына келген талант 11
Коңгуроо майрамына 13
Дыйкан атанын насааты 14
Курбуларга 14
Толгонуу 16
Жер насааты 16
Сагынуу 18
Москва дарыясына 19
Жаштык 20
Мен кайталап 21
Мен—миңмин, миллиондун биримин 23
Биз карыбас болобуз 25
Эсимде дале элдегин 26
Арманыма 29
Перинин жалгыздыгы 30
Эркин тандоо 31
Жашоо баркы 33
Кел махабат 34
Сүйүү эңсөөсү 35
Махабат сыноосу 36
Сүйүү отуң жалындасын 37
Закымдарга бекитип 38
Кол берүү 38
Кечир, сүйүү 40
Эр жигитти жек көрүүм-аялдык назым 40
Ырым сеңдик 42
Бардыгынан жүйөөлүү 42
Барктуу бойдокко 43
Кемелим 45
Той 47
Токто, учур 48
Мезгилдин шарты ошондой 49
Жүрөк сезет 49
Мезгил сахнасы 53
Инсандык күрөш 55
Менин кейиштерим 57
Убактылуу 58
Кербенмин 59
Улуу Ата-Мекендик согуштун эскертүүлөрү 60
Биздин болоор кечирилгис күнөөбүз 60
Кешиксиз Волгоград кайыңдары 63
Уккула, Эне сөзүн 67
Боордошко 70
Арбашуу 72
Таттыбүбүгө 73
Кайгылуу кабарга менин жообум 74
Таенени жоктоо 78
Кызым Айтурганга 86
Эскерүү 88
Өмүр бүтпөйт 90

АКЫЛДАН ЗАМАН

ырлар

Редактор А. Урбаев
Сүрөтчүсү Д. А. Мурзакаримов
Корректору Г. Субанкулова
тех. ред. Л. Шульченко.

Автордун өз каражатына басып чыгарылды.

Терүүгө 18. 03. 92 ж. берилди.

Басууга 21.04. 92 ж. берилди. форматы 60х84 1/32,
3 п. л. Тиражы 5000 нуска, заказ № 1808.

Оша шаары, Курманжан датка көчөсү 209.



1-20
C